**«Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 8-июлундагы № 82 Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна**

# НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ

## 1. Максаты жана милдети

Ушул мыйзам долбоору «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына инвентаризация жүргүзүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы ПЖ №26 Жарлыгын аткаруу максатында иштелип чыккан.

Ведомстволор аралык эксперттик комиссия инвентаризациялоонун жүрүшүндө статистика чөйрөсүн жөнгө салуучу жана каттоолорду жүргүзүүчү үч негизги мыйзамды - Кыргыз Республикасынын «Расмий статистика жөнүндө», «Эл жана турак жай фондун каттоо жөнүндө» жана «Айыл чарба каттоосу жөнүндө» мыйзамдарын карады.

Ведомстволор аралык эксперттик комиссиянын ишинин жыйынтыгы боюнча «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы өзгөртүү киргизүүнү талап кылган мыйзамдардын тизмегине киргизилди. Ошол эле учурда «Эл жана турак жай фондун каттоо жөнүндө» жана «Айыл чарба каттоосу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдары күчүн жоготту деп таанылууга тийиш болгон мыйзамдардын тизмесине киргизилди, анткени Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин 2021-жылдын 15-апрелиндеги №57 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын инвентаризация жүргүзүү методологиясына ылайык, төмөнкүлөр баалоо критерийлеринин бири болуп саналат: «мыйзам башка мыйзамдан келип чыкпайт жана/же башка мыйзамдын келип чыгышына алып келбейт».

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен мыйзам долбоору каттоонун бардык түрлөрү боюнча бардык зарыл ченемдерди, аларды уюштуруунун тартибин жана аларды өткөрүүнүн шарттарын, тиешелүүлүгүнө жараша жогоруда аталган Кыргыз Республикасынын «Эл жана турак жай фондун каттоо жөнүндө» эки Мыйзамын камтыйт жана «Айыл чарба каттоосу жөнүндө» инвентаризациялоонун алкагында жараксыз деп табылууга жатат.

## 2. Баяндоочу бөлүк

1. Кыргыз Республикасынын «Расмий статистика жөнүндө» Мыйзамынын 19-беренесинде каттоо боюнча жалпы ченем гана камтылат. Ушуга байланыштуу, бул мыйзам долбоору менен каттоонун укуктук аспектилерин ачып берүүчү тиешелүү кошумча беренелер киргизилет:

- каттоону уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартиби, түрлөрү;
- жалпысынан каттоого бөлүнгөн каражаттар;
- каттоолорду өткөрүүнүн жалпы камтылышы жана мөөнөтү;

- катышуучу тараптардын жана уюмдардын иштерин, милдеттерин жана укуктарын бөлүштүрүү;

- статистикалык органдардын кызматкерлеринин кыймылынын тартибин жана шарттарын, ошондой эле каттоону даярдоо жана өткөрүү мезгилине мөөнөттүү келишимдердин негизинде адистерди кабыл алуунун өзгөчөлүктөрү.

2. 2020-2021-жылдары Бириккен Улуттар Уюмунун Европа Экономикалык Комиссиясынын, Европа Эркин Соода Ассоциациясынын жана Европа Бирлигинин Статистикалык кызматынын эл аралык эксперттери тарабынан жүргүзүлгөн өлкөнүн улуттук статистикалык тутумунун Глобалдык баалоосунун сунуштамаларына ылайык, Статистика боюнча кеңештин Улуттук статистика комитетинин төрагасынын кесиптик көз карандысыздыгына шек келтириши мүмкүн болгон ар кандай башкаруучулук же көзөмөлдүк функцияларды жүзөгө ашырууга жол берген мандатын чектөө максатында, Улуттук статистика комитети Мыйзамдагы Статистика боюнча кеңештин айрым укуктарын кайра карап чыгууга тийиш. Ушуга байланыштуу, 10-берененин биринчи бөлүгүн күчүн жоготту деп таануу сунушталууда.

3. «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, статистикалык реестрлердин жеке маалыматтары купуя болуп саналат жана статистикалык максаттарда гана колдонулат, Мыйзамдын 22-беренесине ылайык, «мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары же эл аралык уюмдар тарабынан териштирүү, көзөмөлгө алуу, соттук тергөө максаттарына, административдик чечимдерди кабыл алууга же жеке, юридикалык жактарга же үй чарбаларына тиешелүү башка ушул сыяктуу максаттарга берилбейт жана пайдаланылбайт».

Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү), жеке ишкерлерди жана дыйкан (фермердик) чарбаларды мамлекеттик каттоо функциялары өз убагында статистика органдарынан юстиция органдарына жана салык органдарына берилгендиги эске алынып, Мыйзамдын 37-беренесинде катталган субъекттер боюнча баштапкы маалыматтарды 2025-жылга чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын тиешелүү мамлекеттик органдарынын карамагына өткөрүп берүү боюнча ченем каралган. Бирок бул ченемде каттоо органдарына так шилтеме жок болгондуктан, бул ченемди ишке ашыруу мүмкүн эмес. Ушуга байланыштуу, Мыйзамдын 37-беренесинин 3-бөлүктүн 1-пунктундагы «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары» деген сөз «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик каттоо функциялары берилген ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары;» деген сөздөргө менен алмаштырылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Конституциясына дал келтирүү үчүн Мыйзамдын бүткүл текстиндеги «Өкмөт» деген сөздү «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштыруу сунушталууда.

5. «Жоруктар жана укук бузуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Кодексине дал келтирүү үчүн Мыйзамдын 35-36-

беренелериндеги «бузуулар» деген сөздү «укук бузуулар» деген сөздөргө алмаштыруу сунушталууда.

**3. Мүмкүн болгон социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупциялык натыйжалардын божомолдору**

Бул мыйзам долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык же коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Долбоордун мыйзамдарга шайкештигин талдоо**

Бул Мыйзамдын долбоору колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**5. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Ушул Мыйзам долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык каражаттарды талап кылбайт.

**6. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо тууралуу маалымат**

Ушул Мыйзамдын долбооруна карата жөнгө салуучулук талдоо талап кылынбайт, анткени ишкердик ишин жөнгө салууга багытталган эмес.

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук статистика**
**комитетинин төрагасы** **Б.Ж. Кудайбергенов**